**З. Кадыркулова атындагы орто мектебинин социалдык педагогдун аткарган иштеринин 2021-2022окуу жыл боюнча отчет.**

2021-2022 окуу жылыда социалдык педагогдун коюлган максаты: жалпы окуучулардын социалдык жактан курамын аныктоо, томолой жетимдердин, жарым жетимдердин, ата-энеси чет өлкөдө иштеп жаткан окуучулардын, турмуш шарты оор окуучулардын, мүмкүнчүлүгү чектелген ( майып) жана инклюзивдик окутууга муктаж окуучулардын, окууга тартылбаган окуучулардын, мектептин ички көзөмөлүндө турган “Тобокел топтогу” балдардын тизмелерин аныктоо.

Коюлган максатка ылайык түзүлгөн жылдык пландын негизинде 2021-2022 окуу жылы ичинде төмөнкү иш–чаралар жүргүзүлдү:

**Сентябрь** айында класс жетекчилер менен биргеликте окуучулардын социалдык абалын аныктоо максатында үйлорго кыдырып байкоо иштери жүргүзүлдү. Коюлган максаттын негизинде “Балдардын категориялары” файлы түзүлдү.

Анын жыйынтыгында жарым жетим, инклюзив, инвалид , группа рискадагы жана турмуш шарты оор үй-бүлөөдөгү балдардын тизмеси такталды.

Ошондой эле окуучулар арасында укук бузуунун алдын алуу боюнча профилактикалык кеңеши түзүлүп, иштөө планы бекитилди.

Инвалид балдардын жөндөмдүүлүгүнө иликтөө жүргүзүлүп ар кандай ийиримдерге тартылууга жардам берүү иштери болду.

Жалпы ата-энелердин чогулушу уюштурулуп мектеп менен карым-катнаш түзүлдү.

Кыздар арасында кыздар кеңеши уюштурулуп иштөө планы бекитилди.

**Октябрь** айында үй-бүлөө менен иштөөдө сабактан жетишпеген балдардын ата-энелери менен сүйлөшүү аркылуу иштер жүргүзүлдү. Тарбияга оорчулук келтирген балдар менен тез-тез көзөмөл жүргүзүлүп жатты.

Ошондой эле октябрь ичинде «Бирөөгө көз каранды болу эмнеден башталат?» деген темада ата-энелер арасында анкета уюштурулду. Анда балдардын ата-энеге жана улууларга болгон көз карандылыгы канчалык денгээлде экени билинди

Пед.коллектив менен иштөөдө класс жетекчилер балдар арасында «Рэкетчилик» проблемасын алдын алуу максатында жана
тарбияга оорчулук келтирген балдар менен ИДН кызматкери жана ата-энелердин катышуусунда чогулуш өткөрүлдү. Андан тышкары анкета уюштурулуп, тарбиялык саат өткөрүлдү.

Окуучулар арасында «Сенин жашооң кандай болуп жатат?» аттуу анкета жүргүзүлдү.

Мечитке жума намазга барып жүргөн балдар аныкталып аңгемелешүү болду .

**Ноябрь** айында окуучуларга балдардын укуктук билим денгээлин жогорулатуу максатында, бала укуктары тууралуу конвенциясы менен класс жетекчилер класстык сааттарда тааныштырып өтүштү.

Балдарды зордук-зомбулуктан сактоо, балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында ошондой эле ата-энелердин балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү үчүн ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүлдү .

Сен жашоону кандай кабылдайсың? деген темада окуучулар үчүн анкета жүргүзүлдү.

«Суицид – коркунучтуу көрүнүш» темасында 7-8-9 класстар арасында тегерек стол уюштурулду. Ошондой эле « Тамеки чегүү өмүргө зыян» , «Насвай чегүү жаман адат» ж.б. темадагы тарбиялык саттар окуучуларга жигердүү таасирин калтырды.

Азыркы жугуштуу оорулурдын күчөшүнө байланычтуу окуучулардын ден соолугу боюнча анализ жүргүзүлүп жатты.
Кыз жигиттер ортосундагы мамиленин маданияттулугун сактоо жана кыздарды тартиптүү, адептүү болууга үндөө максатында кыздар кеңешинде аңгемелешүү болуп өттү.

Окуучулар арасында кайрымдуулук акция өткөрүлүп , келип түшкөн каражатка 2 майып жана 10 жарым жетим балдарга канц.товарлар алынып , таратылып берилди.

Балдар арасында мушташ фактысы болгондугуна байланычтуу ата-энелер , ИДН инспекторунун катышуусунда чогулуш өткөрүлүп , окуучуларга Кылмыш кодекси тааныштырылып түшүндүрүү иштер болду. Жыйынтыгында түшүнүк каттар жазылып , балдар элдешишти. Көзөмөл окуучулардын ата-энелерине жана кл.жетекчилерине жүктөлдү.

«**1-декабрь** « Биз – СПИДке каршыбыз» акциясы жалпы мектеп окуучулары жана кл.жетекчилер менен биргеликте өткөрүлдү.

Окуучулар арасында сергек жашоону үндөө жана тамеки чегүү, наркотикалык заттардан алыс болуу максатында «Өспүрүмдүн ден соолугу» жана "Өспүрүмдөрдүн ден-соолугуна шек келтирген терс көрүнүштөр"- темасында жалпы жыйын уюштурулду.

«Сен жакшы окуучусуңбу?»деген темада окуучулар арасында анкета жүргүзүлдү.

5-6-7 класстардын окуучулары менен « Мектепте рекетчилик барбы?»деген темада диспут уюштурулуп, окуучуларга кеңештер берилди.

"Өз укугуңду жана милдетиңди билесиңби?" деген темада жалпы окуучулар менен аңгемелешүү өткөрүлдү анда адам укугун бузган уюмдар жана чөйрөлөр жөнүндө талкуу болуп өттү.

Ай ичинде пед.коллектив менен иштөөдө мугалимдердин окуучуларга болгон гумандуу мамилесин өнүктүрүү максатында чогулуштарда сунуштар берилип жатты.

Жаңы жыл майрамына карата Чуй облусттук администрациясы тарабынан уюштурулган губернатордук өлкага 3 класстын 2 окуучулары Талипбекова К. жана Касымбеков А. катышып келишти.

«Жаңы жылдык балаты» майрамында 3 класстын ата-энеси Кайпаева Т. колдоо көрсөтүү максатында жетим балдардын тизмесиндеги Жолдошбеков Байтик менен Жолдошбеков Байэлге, 5 класстагы 1 майып окуучу Саткынбекова Салтанатка белек тартуулады.

**Январь** айында түзулгөн планга ылайык инклюзив окуучулардын сабактарына катышып, окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүн байкоо иштери жүргүзүлдү. Окуучулардын сабактарына катышып, көпчүлүк сабактардан жетишүүлөрү жакшы экени байкалды. Ошондой эле, окуучулардын үй-бүлөдөгү жашоо шарты аныкталып жакшы экени белгиленди.

Сабакка жетишпеген инклюзив окуучулар менен жекече иштөө предметтик мугалимдерге сунунушталды.

Мектеп айланасында администрация жана ата-эненин катышуусунда тамеки чеккендер болбошу үчүн атайы рейд жүргүзүлдү. Жыйынтыгында эч кандай көрунүчтөр байкалган жок.

Мектеп ичинде тартип бузган балдар менен жекече иштөө жургүзүлүп жатты. Ата-энелер чогулуштарында балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө жеке консультациялар берилди.

**Февраль** айыда - «Кичи пейил болуу деген эмне?» «Адамдын кайсы сапаты үйдө жана коомчулукта сыйлайт?» тегерек стол уюштурулуп, окуучулар бири-бири менен пикир алмашышты.

Тарбияга оорчулук келтирген окуучулар менен иш жүргүзүүдө, ата-энелери менен тыгыз байланычта болуп, балдар күчөтүлгөн көзөмөлгө алынган . Класс жетекчилер, ИДН кызматкери менен биргеликте кечки рейди график боюнча уюштурулуп, жакшы натыйжаларды берип жатты.

Мектеп ичиндеги орой мамилени жана рекетчиликти жок кылуу максатында жана балдарды адептүүлүккө тарбиялоо үчүн чогулуш өткөрүлүп, балдарга слайддар көрсөтулдү.

Жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту алдын алуу максатында класс жетекчилер, ата-энелер жана администрация мүчөлөрү биргеликте мектеп айланасында рейд жүргүзүштү, андан тышкары түзүлгөн графикке ылайык кечки рейддер да уюштурулуп жатты.

Суициддин себептерин аныктоо максатында окуучулар үчүн тегерек стол уюштурулуп, пикир алмашуулар болуп өттү.

**Март** айында 5-9 класстарынын окуучулары арасында мүнөздөрүн аныктоо боюнча анкета жүргүзүлүп, балдарга бир нече кеңештер берилди.

Андан тышкары сабактарынан артта калган жана начар окуган окуучулар менен иш жүгүзүүдө, өзгөчө 5-6 класстагы балдар менен аңгемелешүүлөр болуп, предметтик мугалимдерге өзгөчө көзөмөлгө алынуусу макулдашылды. Ошондой эле, ата-энелери менен чогулуштар уюштурулуп, сүйлөшүү аркылуу иштер жүргүзүлүп жатты.

«Ата-энелердин балдарына болгон мамилеси» деген темада ата-энелер менен чогулуш уюштуруу.

Балдар арасында суицид проблемасын алдын алуу максатында окуучулар жана ата-энелер менен жекече маектешүүлөр жүргүзүлүп жана видео роликтер даярдалып, ата-энелер чогулушунда көрсөтүлдү.

**Апрель** айында «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз» деген темада окуучулар арасында акция уюштурулуп, доклад окулду.

Акциянын максаты: окуучулар арасында зордук-зомбулукка кабылбоонун жолдорун жана алдын алуу.

Анда башталгыч класстардын окуучулары «Биз зордук-зомбулукка каршыбыз» ,

жогорку класстын окуучулары «Зомбулуктун түрлөрү» темаларында плакаттарды даярдап, доклад окуп беришти.

Балдар арасында суицидди алдын алуу боюнча анкета жүргүзүлүп, анкета жыйынтыгы боюнча шектүү окуучулар өзгөчо көзөмөлгө алынды, жана алар үчүн байкоо дептерлерин уюштурулду.

«Депрессиядан чыгуу жолдору» деген темада жогорку класстардагы окуучулар үчүн тегерек стол өткөзүлдү. Анда ар кандай проблемалар талкууга алынып чечүү жолдору каралып, балдар үчүн көп маалыматтар берилди. Ошондой эле, аттестация учурунда окуучунун өзүн бекем кармап стресске кабылбашы үчүн мугалимдер тарабынан психологиялык сунуштар жана аңгемелешүүлөр болуп жатты.

Жылдык бекитилген пландын негизинде мектептеги инвалид жана инклюзив окуучулардын сабактарды өздөштүрүү абалын өзгөчө көзөмөлгө алынуусу класс жетекчилерге жана предметтик мугалимдерге жүктөлуп, жеңилдетилген тапшырмаларды берүү сунушталды. Инвалид жана инклюзив окуучулардын сабакты өздөштүрүүсүн байкоодо окуучулардын сабактарына катышып, көпчүлүк сабактардан жетишүүлөрү жакшы экени байкалып, окуучунун үй-бүлөдөгү жашоо шарты аныкталып жакшы экени белгиленди.

Ай ичинде жогорку жана атайын кесиптик окуу жайларынан келген өкүлдөр менен жолугушуулар уюштурулуп, окуучулар үчүн кесип тандоого туура багыт берүү иштери жүргүзүлдү.

**Май** айында ИДНдин учетунда турган же «Тобокел» группасындагы, ошондой эле, тарбияга оорчулук келтирген окуучулардын абалы жана Мамлекеттик экзамендерге даярдыгы өзгөчө көзөмөлгө алынды.

Ата –энелерге же мыйзамдуу өкулдөрүнө балдарына болгон жоопкерчилигин күчөтүү жөнүндө жеке консультациялар берилди.

**Июнь** айында жайкы каникулда жаш өспүрүмдөрдүн эмгегин оор жумуштарга пайдалануу коркунучтарына бөгөт коюу боюнча ата-энелер менен аңгемелешүүлөр жүргүлүлдү.

Окуу жылдын аягында аткарылган иштердин жыйынтыгы анализделип, коюлган пландын негизиндеги көп иштер аткарылганы белгиленди.

**Кийинки 2022-2023 окуу жылына карата төмөндөгү милдеттер коюлду:**

1. Үй-бүлөөлук көйгөйлөрдүн, социалдык жетимдиктин, балдарга карата зомбулуктун жана коомго жат жүрүм-турумдун, кароосуз калуунун алдын алуу.

2. Окуучуларга жана ата-энелерине баарлашууда, билим алууда, өнүгүүдө, социалдашууда көйгөйлөрү бар же социалдык жактан жабыркаган «Тобокел тобундагы» балдарга өз убагында социалдык-педагогикалык , психологиялык жана укуктук жардамдарды көрсөтүү.

3. Балдарга социалдык коргоо көрсөтүүгө багытталган социалдык жана малыматтык жардам берүү .

4. Балдардын укук бузууларын алдын алуу жана профилактикалык иштерди жүргүзүү.

5. Балдар арасында сергек жашоо образын жайылтуу жана спорт кружокторуна,ийримдерге тартуу.

Директор: Атантаева А.Б.

Соц.педагог: Ниязалиева А.А.